КАРАЛДЫ
педагогикалык кенештин
№__13__ протоколунда
«___21__»_ноябрь___2018-ж

БЕКИТЕМ
№7 жалпы орто билим берүү
мектебинин директору
________ Бердалиев Ч.Б.
21.11.2018-ж

# №7 жалпы орто билим берүү мектебинин мектеп формасы жөнүндө жалпы жобосу

**Окуучулардын сырткы көрүнүшүнө негизги талаптар:**

- Тазалык, тыкандык.
- Баардыгы үчүн кийимдин негизги стандарты: ишкердик стиль.
- Сырткы көрүнүш коомдо кабыл алынган ишкердик стилдин нормаларына туура келиши керек жана туура эмес деталдарды камтыбаш керек.
- Кыздардын узун чачтары өрүлгөн, ал эми орто узундуктагы чачтары чач байлагыч менен жыйналган болуу керек.
- Балдар жана өспүрүмдөр убагында чачтарын тегиздетип туруулары керек (классикалык чач тегиздөө).

**5-класстан 11-класска чейинки мектептик формaнын толук сыпатталышы**

**Балдар жана өспүрүмдөр үчүн:**кара же боз өңдөгү шым жана бир өңдөгү ак көйнөк;

**Кыздар үчүн:** тизеден өйдө болбогон классикалык үлгүдөгү кара же боз өңдөгү юбка же классикалык үлгүдөгү шым,бир түстүү ак блузка.

**1-4-класска чейинки мектептик формaнын толук сыпатталышы**

Республикалык деңгээлдеги талапка ылайык мектеп формасын кийишет.

**Спорттук форма:** Бардык окуучулар дене тарбия сабагы үчүн спорттук форманы жана спорттук бут кийимди кийүүлөрү керек.

**Болбойт:** дене тарбия сабагына мектептик формада, джинсы жана спорттук эмес бут кийим менен катышууга.

**Окуу учурунда төмөнкү кийимдердин жана бут кийимдердин варианттарын кийүүгө тыюу салынат:**

- Терең көнүлдү бурдура турган көзгө комсоо адаттан тышкары бөлүктөр, жылтырак жиптер, ошондой эле өтө ачык өңдөр кийимде жана бут кийимде болбошу керек;
- Ар кандай өңдөгү джинсы;
- Өтө денеге чапталган, фигураны көрсөткөн юбка, шым жана лосиналар;
- Далыны жана курсакты көрсөткөн өтө кыска блузкалар;
- Мини-юбкалар ( тизеден 10см өйдө узундуктагы).
- Декольтеси ачык блузкалар;
- Өтө жука юбка менен блузкалар, ошондой эле жука курактары бар кийимдер;
- Ич кийим жана джинсы стилиндеги кийимдер;
- Ар кандай пулеверлер жана токулган кофталар;

- Спорттук кийим (спорттук костюм жана анын бөлүктөрү), спорттук бут кийим;
- Активдүү эс алуу үчүн кийимдер (кыска шым, майка, футболка ж.у.с.)

**Тыюу салынат:** адаттан тышкары чач  тегиздетүүлөр, чачтарды ачык, табыгий эмес өңдөргө боё.

**Ачык макияжга тыюу салынат:** кирпиктерди, көздөрдү эринди боегон жана ачык маникюр.

Кийимдин бөлүгү катары  оор брошкаларды, чынжырларды, шакек, кулон, сөйкө, шарф, жамынма, палантиндерди колдонууга **уруксаат эмес.**

Пирсинг, ошондой эле коомго туура келбеген формалдуу эмес жаштардын бирикмелеринин символикаларынын аксессуарларына **уруксаат эмес.**